Саламатсызбы Бакен эже. 6уг

Бул кайдагы киши жазып жатат деп ойлойсузго. Мен сизге жазып жаткан себебим ди орус тилинде айтып берейин. Бакен эже, кечирип коюнуз. Кыргыздын кызы өз тилинде кат жазалбайт деп ойлойсузго.

Я ученица 10 класса. Учусь в селе Михайловка Тюпского района. У нас школа русская, и мне очень трудно писать на киргизком. В этом году я окончу школу, но у каждого человека есть своя любимая мечта. И у меня, конечно, есть мечта, но осуществится ли она, я пока не знаю. Я хотела посоветоваться с вами. Мне

10б

очень хочется стать артисткой.
Это моя мечта. С этой мыслью
я поделилась со своей старшей
сестрой. Она учится в Ереванском педогогическом институте на II курсе. Она
мне сказала, что артистка
должна очень хорошо владеть
своим языком. Я люблю свой
язык и дома или в гостях говорю на родном языке. Но писать,
пишу очень плохо. Это важно
или нет? У вас, в театре, открылось училище, я хотела бы попытаться сдать экзамены.
Напишите, пожалуйста, какие предметы надо знать,
чтобы поступить туда.
В школе и дома говорят, что
у меня есть талант. Но в се-

ле у нас нет самодеятельного
кружка. и мне негде заниматься.
На школьных вечерах я пою, и
читаю стихи. Но этого мне
мало. Посоветуйте что мне
делать. Напишите хотя бы
несколько слов.
Спектакли я очень люблю, но
к сожалению, мне приходится
смотреть их только по телеви-
зору.

Ракен Жидыкеевна, я очень
прошу вас, напишите мне
ответ, хотябы два слова.

Мой адрес: Тюпский р/н
с. Михайловка. ул. Озерная 29
Осмоналиевой Жумакан.

До свидание.

Жду ответа.

16/XII 72 г.

Кымбаттуу Бакен эже! 10 уп

Биздин мектептин алдында адабият
кружогу иштейт.
Кыргыздын көрүнүктүү актёрлору-
нун юбилейлик альбом түзөлүк деп
жатабыз. Сиз менен байланышып
сүрөтторуңузду, чыгармачылык
планыңызды алуу иши мага тап-
шырылды. Жердин алыстыгына
байланыштуу сизге кат менен
кайрылып отурам. Сиздин чыгар-
мачылыгыңыз актёрдук чеберчили-
гиңиз мени абдан кызыктырат.
Эже мен Кочкор районундагы
Фрунзе мектебинин 10-классында
окуйм. Айылда жашагандыктан
театрды деле барып көрө элекмин.
Искусство таанылыктарын газета,
журналдардан, радио, телевидение
аркылуу билип көрүп турабыз.

10б

Бирок булар жетишсиз.
Эгерде сиздердин фотокарточкалы-
ңызда ар кандай ролдо атка-
рып жаткан сүрөтторүңүздор
менен жасалгаланган бир аль-
бом түзсөк ал мектебибиздин
эң бир татынакай байлыгы
болуп калаар эле. Сизден көптөн
көп сураныаарым
Бир нече ролдо аткарган
сүрөтторүңүздү салып жибер-
сеңиз. Сизге чыгармачылык
ийгилик, үй бүлөдөгү чексиз
бак таалай, чың ден соолук-
ту каалап айдыңыз Бермет.
Менин адресим

Нарынская обл.
Кочкорский р-н
к-з им Фрунзе
ул Садовая 41
Жамгырчиева Б.

7 1.1 уг

Саламатсызбы Бакен эже!
Сизден жазган катыңызды алдым.
Бодан чоң рахмат. Мен кайрадан
сизге кайрылып жатам. Дагы
бир нече суроого жооп берсеңиз.
1. Крыловдун баснясын орусчабы
же кыргызча жаттайынбы?
2. Ч. Айтматовдун „Саманчы-
нын жолунан" кайсы үчүндүкү
даярдасам болот. Башка
жана аяк саптарын жазып
берсеңиз.
3. Студияда канча жыл окуш
керек, жана даярдо курсу барбы?
Эгерде быйыл өталбай калсам
даярдо курсуна барсам дейм.
Бакен эже жаңы кат жаз-
саңыз Үркүнчиева деп жа-
зыңыз. Мен сизге Осмоналиева
деп жазбадым беле. Анткен

жаган себебим мен 8-и клас-
ска чейин атамдын атында
болчумун. А эми болсо доку-
менттерим тура болсун
деп, мугалимдер өз фамилия-
ма которушту. Кочтамын
мени көпкө издептир. Сизден
убактыңызды алганым
үчүн кечирим коюңуз.

Адрес: Тюпский р/н
с. Михайловка
ул. Озерная 29
Уркунчиева Жума-
кан.

Саламатта болуңуз.
Саламын м/н
Жумакан.

12/I-73ж.

Таанышуу кат!

Саламатсызбы, кымбаттуу Бакен Кыдыкеева!
Кандай иштериңиз ийгиликтүү өтүүдөбү?
Кымбаттуу эжеке! Мен сиз менен тааны-
шууну ушунчалык каалаймын. Эмесе сиз-
ге эмне себептен кат жазганымды түшүн
-дүрөйүн; Ар бир адамдын алдына койгон
келечектеги кесиби болот эмеспи, ушул
сымак менинда алдымда койгон максатым
бар! Ал киноактриса болуу! Ошол
себептен сизге кайрылып атурам! Мен
быйыл 9-класста окуймун. Бакен эжей!
эгер мүмкүн болсо төмөнкү суроолорго
жооп берсеңиз! Мен сизден жооп күтөм!

1) Актрисалык окуу жайы Фрунзеде
бар деп угам, ушул чынбы, эгер чын
болсо адресин жазып жиберсеңиз?

2) Кандай документтер керек?

3) Менин оюмча актриса болуу
үчүн адамдын жөндөмдүүлүгү керек

үшүндайбы, же дагы башкалардан экзамен алабы?

4) Экзамен алса кайсы сабактан алат?

5) Сиз кантип актриса болуп калдыңыз?

Ушул суроолорго жооп бериңиз! Мүмкүн болсо төмөнкү адреске!

Ошское Обл. индекс 715700
Баткенск р/н.
с. Баткен.
ул. Коммунистическая № 15.
Дыйканова. З.

Чыдамсыздык м/н жооп күтөм!

Дет саламы кызыңыз Зулфия.

10/V 77г.